КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕКМОЛДО АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
БЕКМОЛДО АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Талас облусу. Талас району, Сасык-Булак айылы.
Жумагул уулу Алымкул кочосу -50 индекси: 724112.
телефону: код-(03458) 6-00-99.
Электрондук почта: tr.bekmoldo-ao@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКИЙ РАЙОНБЕКМОЛДО
АЙЫЛДЫК КЕНЕШ
БЕКМОЛДОЕВСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

Таласская область, Таласский район, село Сасык-Булак. ул. Жумагул уулу Алымкул –50
индекс: 724112. телефон: код-(03458) 6-00-99.
Электронная почта: tr.bekmoldo-ao@mail.ru

## «Бекмолдо айыл аймагынын 2023-жылдын бюджетин бекитүү жөнүндө» Бекмолдо айылдык аймагынын айылдык кенешинин VIII чакырылышынын кезектүү сессиясы

**16- февраль 2023-жыл №1** **Сасык-Булак айылы**

## Т О К Т О М К Ы Л А Т :

1.Бекмолдо айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджетинин киреше бөлүмү боюнча 350 444,1 миң сом өлчөмүндө чыгашалар боюнча 350 444,1 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.

2. Бекмолдо айылдык аймагынын 2023-жылдагы бюджетинин киреше булагы № 1 тиркемеге ылайык булактардан түшүүчү каражаттардын эсебинен тузуло турган-дыгы аныкталсын.

3. Бекмолдо айыл аймагынын 2023-жылдагы чыгаша болуму боюнча № 2- тиркемеге ылайык чыгаша булактарынан турары белгиленип бекитилсин.

4. Бекмолдо айыл аймагынын 2023-жылга бюджетинин накталай кассалык акча жугуртуу каражаттарынын колому № 3-тиркеменин негизинде бекитилсин.

5. Бекмолдо айыл аймагынын 2023-жылдагы бюджетинин чыгаша болугу тармактар боюнча жалпы болугу № 4- тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин негизги принциптери жонундогу мыйзамынын 21-беренесине ылайык, бюджетке каралбаган чыгымдарды жабуу учун жалпы бюджеттик чыгашалардын 3321,2 мин сом олчомундо Бекмолдо айыл аймагынын резервдик фондусу тузулуп № 5 тиркеменин негизинде бекитилсин.

7. Резервдик фондду башкаруу Бекмолдо айыл аймагынын башчысы тарабынан жургузулуп белгиленсин.

9. Бекмолдо айыл өкмөтүнун башчысына,кызматкерлерине жана айылдык кенештин торагасына зарыл болгон учурда командировкалык чыгымдар каралып турсун.

10. Бекмолдо айыл аймагынын 16 штаттык бирдиги КРнын Окмотнун,,8-июль 2013-жылдагы № 403 токтомунун негизинде КР Өкмөтүнун 2022-жылдын 1-августундагы № 266 жана №433 токтомунун негизинде Бекмолдо айыл аймагына караштуу Маданият бөлүмүнө 2 кызматкер, клуб башчы 1 кызматкер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 185 «Маданият ,искусство ,маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү токтомунун

негизинде бекитилсин, ошондой эле жумуш учурунда автокырсыктан кырсыктаган Н. Кыдыралиевге айына 10 962 сом компенсация төлөнүп турсун.
11. Бекмолдо айыл өкмөтүндө эмгек келишимдин негизинде кабыл алынган кызматкерлердин штаттык бирдиги кабыл алынсын жана № 6 тиркемеге ылайык чыгаша булактарынан турары белгиленип, бекитилсин.
12. Бекмолдо айыл өкмөтүнүн 2023-жылга калкка социалдык төлөмдөр учун каралган чыгымдары кабыл алынып, № 7 тиркемеге ылайык чыгаша булактарынан тураары белгиленип, бекитилсин.
13. Бекмолдо айыл өкмөтүнүн 2023-жылга башка тейлөө кызматтарын алуу учун каралган чыгымдары кабыл алынып, № 8 тиркемеге ылайык чыгаша булактарынан тураары белгиленип, бекитилсин.
14. Бекмолдо айыл өкмөтүнүн 2023-жылга негизги фонддорунда каралган акча каражаттары №9 тиркеме ылайык чыгаша булактарынан тураары белгиленип, бекитилсин.
15. Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлиги тарабынан берилген 2024- жылга кирешелер божомолу 352 560,1 сом суммасында, 2025-жылга кирешелер божомолу 358 575,8 мин сом суммасында бекитилсин.
16. 2023-жылдын Социалдык-экономикалык өнүгүү божомолу бекитилсин.
17. 2023-жылга "Ж.Молдосан" бала бакчасынын атайын каражат счетундагы киреше булагы ата-энелер төлөмдөрүнөн чогулган 648,0 миң сом, чыгаша булактары 648,0 миң сом № 10 тиркемеге ылайык жана 2022-жылдан калган атайын акча каражатынын эсебиндеги 129,3 мин сом акча каражаты , 2023- жылдын атайын каражаттар эсебине балдардын тамак ашына каралсын жана бекитилсин.
18. Бекмолдо айыл аймагынан токтомдун туура жана так аткарылышына козомолдукту жургузуу айылдык кенештин айыл чарба экономикалык реформалардын жургузуу жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жуктолсун
19. Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде жергиликтуу бюджеттин кирешелер бөлүмүн чындоо максатында төмөндөгүдөй салыктар жана жыйындар киргизилсин жана алардын ставкалары томондогудой олчомдо бекитилсин.
20. **Жергиликтуу салыктар:**
А) Жеке тараптан алынуучу салыктар сугат жерлерге 309 сом, кайракы жерлерге 54,60 сом, шалбаа жерлерге 11,50 сом жайыт жерлерге ар бир өлчомундө бекитилсин.
Б) Айыл чарба эмес жерлерден алынуучу салык кодексинин 33-статьясына ылайык бекитилсин.
21. **Мулк салыгы** Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде бекитилсин.
22. Кыймылдуу мулккө салык Кыргыз Республикасынын 197-стаьясынын негизинде салыктын бул турун менчик авто траспортторужана айыл чарба техникалары бар Кыргыз Республикасынын граждандары, чет өлкөлук граждандар жана гражданствосу жок жактар төлөөчуу болуп эсептелет.
Салык чегеруу объектиси жана өлчөму Кыргыз Республикасынын салык кодексинин 198-статьясынын негизинде жургузулсун.

23. **«Жалпы мамлекеттик салыктар»** Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетти жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнундө «КР Мыйзамы-нын негизинде Бекмолдо айылдык аймагынын жергиликтуу бюджетине салык агенттери тарабынан төлөнүүчү киреше салыктын 100 пайыз өлчөмундө тушуусу белгиленсин.
24. Ыктыярдуу патенттин негизинде алынуучу салык Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде 100 пайыз өлчөмундө тушуусу белгиленсин.
25. **Салыктык эмес кирешелер**: Муниципалдык менчиктен КБФ жерлеринин ижара акысынын негизинде бекитилсин,жайыт пайдалануучу төлөм КР Бюджеттик кодексинин «Жайыттар жөнүндөгу» мыйзамынын ченемдерине ылайык бекитилсин.

26. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча калган эркин каражаттын эсеби 470 884,2 сом мин сом болуп бекитилсин.
27. Айыл аймагынын бюджетине пландан ашыкча тушкон акча каражаттары **Айылдык Кенештин токтому чыккандан кийин,токтомдун негизинде** акча каражаттарын которуп беруугө уруксат берилсин.
28.КР Бюджет кодексинин 109-беренесине ылайык Бекмолдо айыл аймагынын мекеме-уюмдары жыл ичинде каржылоого, чыгымдарына зарыл болгон учурда ар бир бөлумдөн экинчи жана статьядан статьяга,чейректен чейрекке жылдыруу жагы Бекмолдо айыл аймагынын финансы-экономика бөлумунун убактылуу милдетин аткаруучу Ж.Кутмановага жуктөлсун.
29.Токтомдун аткарылышына козомолдук жургузуу жагы Бекмолдо айылдык кенешинин алдындагы бюджеттик комиссиясына жуктолсун.

**Бекмолдо айылдык**
**кенешинин торагасы: _________________ С. Осмонов**